# СЕТИМЕД

## ДАРЫ КАРАЖАТЫН МЕДИЦИНАДА КОЛДОНУУ БОЮНЧА НУСКАМА

**Соодадагы аталышы:** Сетимед.

**Эл аралык патенттелбеген аталышы:** Левоцетиризин.

**Дарынын түрү:** жука чел кабык менен капталган таблеткалар.

**Курамы:** жука чел кабык менен капталган ар бир таблетка төмөнкүлөрдү камтыйт:

*Активдүү зат:*

Левоцетиризин дигидрохлориди 5 мг

*Көмөкчү заттар:* лактоза, жүгөрү крахмалы, эки негиздүү кальций фосфаты, поливинилпирролидон К-30, тазартылган суу, тазартылган тальк, магний стеараты, натрий крахмалгликоляты, коллоиддүү кремний диоксиди, Инстакоат ак IA III-40001.

**Сүрөттөмөсү**

Жука чел кабык менен капталган, тегерек, эки жагы томпок, бир тарабында экиге бөлүүчү сызыгы бар ак таблеткалар.

**Фармадарылык тобу:** Респиратордук системанын ооруларын дарылоо үчүн препараттар. Системалуу таасир берүү үчүн гистаминге каршы препараттар. Пиперазинден алынгандар. Левоцетиризин.

**АТХ коду:** R06AE09.

**Фармакологиялык таасири**

*Фармакодинамикасы:*

Левоцетиризин цетиризиндин энантиомери, Н1-гистаминдик рецепторлордун бөгөттөгүчтөрү, гистаминдин атаандаш антагонисти болуп эсептелет. Левоцетиризин төмөнүрөөк дозада (2 эсе) таасир берип, цетиризинге салыштырмалуу Н1-рецепторлорго эки эсе көп окшоштукка ээ, гистаминге каршы активдүүлүгү боюнча цетиризинге барабар. 5 мг левоцетиризин 10 мг цетиризин сыяктуу эле дарылык активдүүлүккө ээ. Аллергиялык реакциялардын гистаминге көз каранды баскычына таасир тийгизет, кан тамыр өткөргүчтүгүн жана эозинофилдер миграциясын азайтат, сезгенүү медиаторлорунун бошонуп чыгышын чектейт, анын натыйжасында өрчүшүн алдын алат жана аллергиялык реакциялардын жүрүшүн олуттуу жеңилдетет, суюктук чыгаруу жана кычышууну жоёт. Левоцетиризин дээрлик антихолинергиялык жана антисеротониндик таасир бербейт. Дарылык дозада дээрлик тынч алдыруучу таасир бербейт. Левоцетиризин гистаминдерди, спецификалык аллергендерди куюуда, муздактан аллергия болууда аллергиялык реакцияларды басаңдатат, колко астмасында (КА) бронхоконстрикцияны азайтат. БНСке таасир тийгизбейт. Адренергиялык 5 НТ-рецепторлор менен өз ара таасирленбейт. Левоцетиризин ЭКГда QT—аралыгынын узундугуна таасир тийгизбейт. Бир жолку дозасын кан тамыр ичине колдонгондон кийин препараттын таасири 15 мин кийин өрчүйт жана 24 саат бою созулат.

*Фармакокинетикасы:*

Фармакокинетикасы сызыктуу мүнөздү алып жүрөт. Ичип кабыл алуудан кийин тез сиңет; тамак ичүү толук сиңирүүгө таасир тийгизбейт, бирок анын ылдамдыгын төмөндөтөт. Биожеткиликтүүлүгү - 100%. Канда Cmax жетүү убактысы - 0,9 с, кандагы Cmax - 207 нг/мл. Vd - 0,4 л/кг. Плазма белоктору менен байланышуусу - 90%. Препараттын 14% азыраагы фармакологиялык активдүү эмес метаболитти пайда кылуу менен О-дезалкилирлөө жолу аркылуу боордо зат алмашат. Т1/2 - 7-10 саат. Жалпы клиренси - 0,63 мл/мин/кг. Организмден толугу менен 96 саат ичинде бөлүнүп чыгат. Бөйрөк аркылуу бөлүнүп чыгат (85,4%). Бөйрөк алсыздыгында (креатинин клиренси 40 мл/мин азыраак) клиренси төмөндөйт (гемодиализдеги бейтаптарда - 80%), Т1/2 - узарат. 10% азыраагы гемодиализ жүргүзүүдө чыгат. Эмчек сүтүнө өтөт.

**Колдонууга көрсөтмө**

- мезгилдик жана туруктуу аллергиялык ринит;
- өнөкөт идиопатикалык бөрү жатыш;
- Квинке шишимиги;
- тери кычышуусу;
- тамак, дары каражаттарын жана башка аллергендерди ичүүдөн пайда болгон аллергиялык реакциялар, курт-кумурскалардын чагуусуна болгон аллергиялык реакциялар. Кычышкан дерматоздорду комплекстүү дарылоодо (атопиялык дерматит, экзема, контакттуу дерматит ж.б.);
- колко астмасы (КА).

**Каршы көрсөтмө**

- левоцетиризинге жогору сезгичтик;
- оор бөйрөк алсыздыгы (креатинин клиренси - 10 мл/мин азыраак);
- кош бойлуу жана бала эмизүү мезгилинде;
- 6 жашка чейинки балдар.

*Этияттык менен:* өнөкөт бөйрөк алсыздыгы (дозалоо режимин түзөтүү талап кылынат), улгайган курак (түйдөкчөлүү чыпкалоо төмөндөшү мүмкүн).

**Колдонуу жолу жана дозасы**

Ичип кабыл алынат, тамак ичүүгө көз карандысыз. Чайнабастан суу менен жутуу керек.

*Чоң адамдар жана 6 жаштан жогору балдар: 5 мг суткасына 1 жолу.*

Колдонуунун узактыгы оору белгилеринин көрүнүштөрүнүн узактыгына көз каранды. Орточо 3-6 жума колдонулат, аллерген таасиринин кыска убакыттагы мезгили учурларында 1 жума бою колдонуу жетиштүү болушу мүмкүн. Оору узакка өнөкөт өтүшүндө дарылоо 6 айга чейин созулушу мүмкүн.

*Улгайган бейтаптар:* дозасын түзөтүүнүн зарылдыгы жок.

*Өнөкөт бөйрөк алсыздыгы бар оорулууларга* дозасы 30 дан 49 мл/мин чейинки КК (1 таблеткадан бир күн сайын) 2 эсе жана 10 дон 29 мл/мин чейинки КК (3 күндө 1 таблетка) 3 эсе төмөндөтүлөт.

**Кыйыр таасирлери**

*Нерв системасы тарабынан:* баш оору, уйкусуроо, чаалыгуу, алсыздык.

*Жүрөк-кан тамыр системасы тарабынан: жүрөктүн согуу сезими.*

*Көрүү органы тарабынан: көрүүнүн бузулушу.*

*Гепатобиллиардык система тарабынан: гепатит.*

*Иммундук система тарабынан:* өтө сезгичтик, анын ичинде анафилаксия, ангионевротикалык шишимик.

*Дем алуу органдары тарабынан: энтигүү.*

*Тамак сиңирүү жолу тарабынан: ооздун кургашы, көңүл айнуу.*

*Тери жана тери алдындагы клетчатка тарабынан: кычышуу, бөртмө, бөрү жатыш.*

*Башкалар:* дене салмагынын көбөйүшү; ичтин оорушу; булчуңдардын сыздашы; боор сынамынын көрсөткүчтөрү өзгөрүшү мүмкүн.

**Ашыкча доза**

*Симптомдору:* уйкусуроо, баш оору, ооздун кургашы, көңүл айнуу, ич жактын оорушу.

*Дарылоо:* ашказанды тазалоо жана андан ары белгилерине жараша дарылоо жүргүзүү менен сорбенттерди колдонуу. Гемодиализ жолу менен левоцетиризиндин 10%дан азыраагы бөлүнүп чыгат. Атайын антидоту жок. Гемодиализ натыйжалуу эмес.

**Башка дары каражаттары менен өз ара таасири**

Препаратты теофиллин менен бир убакта колдонуу левоцетиризиндин жалпы клиренсин төмөндөтөт. Левоцетиризинди кетоконазол жана макролиддер менен бирге колдонууда электрокардиограммаларда жүрөк ишмердүүлүгүнүн анык өзгөрүүлөрү байкалган эмес. Левоцетиризинди борбордук нерв системасынын функциясын жабыркаткан препараттар (транквилизаторлор, трициклдик антидепрессанттар, МАО басаңдаткычтары) жана алкоголь менен бир убакта колдонуу уйкуну келтириши мүмкүн.

**Өзгөчө көрсөтмөлөр**

Препарат көбүнчө бөйрөк аркылуу бөлүнүп чыккандыктан, Сетимедти бөйрөк патологиясы бар бейтаптарга этияттык менен дайындоо зарыл. Бөйрөк алсыздыгы бар оорулууларда (креатинин клиренси <40 мл/мин) левоцетиризинди бөлүп чыгаруу азаят (гемодиализдеги 80%га чейинки бейтаптар).

Боор алсыздыгында дозасына түзөтүү жүргүзүлбөйт.

*Автоунаа айдоо жана механизмдерди башкаруу жөндөмдүүлүгүнө таасири:*

Объективдүү баалоодо сунушталган дозада ичүүдө автоунаа айдоо жана механизмдерди башкаруу жөндөмдүүлүгүнө препараттын таасири так белгиленген эмес. Ошондой болсо да, препаратты кабыл алуу мезгилинде жогорку көңүл буруу жана психомотордук реакциянын тездигин талап кылган ишмердүүлүктүн коркунуч келтирген түрлөрү менен алектенүүдөн алыс болуу максатка ылайыктуу.

**Чыгаруу формасы**

Ар бир алу-ПВХ блистерде жука чел кабык менен капталган 10 таблетка.

2 блистер колдонуу боюнча нускамасы менен бирге картон таңгакчада.

**Сактоо шарты**

Кургак, жарыктан корголгон жерде, 25°С дан жогору эмес аба табында сакталат.

Балдар жетпеген жерде сактоо керек.

**Жарактуулук мөөнөтү**

3 жыл.

Жарактуулук мөөнөтү бүткөндөн кийин колдонууга болбойт.

**Берүү шарты**

Рецепти жок.

**Соода маркасынын жана каттоо күбөлүгүнүн ээси**

Vegapharm LLP
Suite 1, 5 Percy Street,
London, W1T 1DG, UK (Улуу Британия)

**Өндүрүүчү/Manufactured by**

Next Wave (India)
Rampurghat Road, Paonta Sahib,
Distt. Sirmour, Himachal Pradesh, India (Индия)

Vegapharm

**Кыргыз Республикасынын аймагында продукциянын (товардын) сапаты боюнча керектөөчүлөрдөн арыз-доолорду кабыл алуучу уюмдун дареги**

«Aman Pharm» (Аман Фарм) ЖЧК, Кыргызстан Республикасы, Бишкек шаары, Шооруков көч. 36.
Тел: (0312) 560466, E-mail: aman.pharm12@gmail.com